

Бизнес жүргүзүү этикасы бөлүмү

# Көз карандысыз Өнөктөштөрдүн Жүрүм-турум эрежелери

# **Суроолор жанажооптор**

Өзүңүздүн жеке окуяңызды айтып берүү, Интернеттеги жеке баракчаңызга Herbalife Nutrition өнүмдөрү же бизнес-мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматты жайгаштыруу менен, сиз жарнамалык билдирүү жасайсыз. Herbalife Nutrition өнүмдөрү же бизнес-мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө каалаган билдирүү, окуя, сүрөт же видео жарнамалык деп эсептелет.
Бардык мындай билдирүүлөр так, туура, негиздүү жана адашууга алып келбегендей болушу керек.

Бул документте сизге төмөндөгү Эрежелердин практикалык учурларын түшүндүргөн **Суроолорду жана жоопторду** сунуштайбыз:

- **Кирешелер жана жашоо стили жөнүндө билдирүүлөр**
- **Салмакты көзөмөлдөө жаатындагы жыйынтыктар жөнүндө билдирүүлөр**
- **Herbalife Nutrition өндүрүмүн пайдалануу жөнүндө билдирүүлөр**
- **Herbalife Nutrition мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билдирүүлөр**

HERBALIFE NUTRITION

## Кирешелер жана жашоо стили жөнүндө билдирүүлөр

**1.Кирешелер жана жашоо стили жөнүндө билдирүүлөр деген эмне?**
Киреше жөнүндө билдирүү – бул Көз карандысыз Өнөктөштүн иш жүзүндөгү же потенциалдуу кирешелери жөнүндө бардык маалымат.

Жашоо стили жөнүндө билдирүү – бул Көз карандысыз Өнөктөш Herbalife Nutrition бизнесинде ийгиликке жетип, белгилүү бир жашоо образын жүргүзө алаарын, белгилүү бир буюмдарды сатып алаарын божомолдогон маалымат. Автомобилдердин, саякаттын, үйлөрдү сүрөтү кирешелер же жашоо стили жөнүндө билдирүү болуп эсептелет.

**2. Кирешелер жөнүндө кандай билдирүүлөргө жол берилбейт?**
Жол берилбес кирешелер жөнүндө билдирүүлөрдүн мисалы:
- «өмүр бою камсыз болот»
- «миллион иштеп табат»
- «ойлогондон дагы көп иштеп табат»
- «чектелбеген киреше алат», «байыйт»
- «жеңил киреше», «кыйынчылыксыз киреше», «пассивдүү киреше»

Мындай билдирүүлөргө жол берилбейт, анткени потенциалдуу жана учурдагы Көз карандысыз Өнөктөштөрдө аша чапкан жана реалдуу эмес күтүүлөрдү калыптандырат.

**3. Herbalife Nutrition бизнес-мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө айтып берүү менен, кирешенин белгилүү бир деңгээлин кепилдей аламынбы?**
Жок, кепилдей албайсыз. Кирешенин белгилүү бир деңгээлин кепилдөөгө же реалдуу эмес, аша чапкан күтүүлөргө жол берилбейт, мисалы: «жеңил киреше», «пассивдүү киреше», «байып кетүү», «өмүр бою камсыз болуу».

**4. Herbalife Nutrition иш-чараларында сөз сүйлөгөндө өзүмдүн кирешем же жашоо стилим жөнүндө айтып берсем болобу?**
Компаниянын иш-чараларында же Herbalife Nutrition компаниясына арналган башка жолугушууларда, сиз кирешелер жана жашоо стилиңиз, анын ичинде орточо статистикалык алкактан чыккан кирешелер жөнүндө айтып бере аласыз. Бирок, мындай билдирүүлөр чын болушу керек, ашыкча кирешелерди сүрөттөп же кыйынчылыксыз тез жыйынтыктарды убада кылбашы керек.
Мисалы, эгерде бул маалымат чын болсо, өз автоунааңыздын (эгерде ал өтө кымбат унаалар тизмесине кирбесе), үйүңүздүн, катериңиздин, өргүүнүн, жасалгалардын, акссесуарлардын ж.б. фотосүрөтүн көрсөтө аласыз.
Өтө кымбат автоунаалардын жаңыртылган тизмесин Компанияга кайрылып же MyHerbalife.com сайтына кирип алууга болот.

Сиздин билдирүүңүз адашууга алып келбеши үчүн, аткаруу керек:
- мисал келтирилген кирешелерге жана жашоо стилине жетүү үчүн аракет кылуу, тынымсыз команда менен иштөө, тиешелүү көндүмдөр жана берилип иштөө талап кылынаарын баса белгилөө;
- мындай жыйынтыктарга жетүү үчүн сизге талап кылынган убакытты көрсөтүү;
- бул жыйынтыктар кепилденбегенин жана типтүү болуп саналбаганын баса белгилөө;
- милдеттүү түрдө кирешелер[1] жана жашоо стили[2] жөнүндө дисклеймерди пайдалануу.

*Дисклеймерлердин толук текстин, ошондой эле социалдык тармактарга жайгаштыруу үчүн дисклеймерлердин үлгүлөрүн документтин акыркы барагынан таба аласыз.

**5. Өтө бай жашоо стили жөнүндө билдирүү деген эмне?**
Өтө бай жашоо стили жөнүндө билдирүү – бул өтө ашыкча байгер жашоо стили жөнүндө маалымат. Мисалы:

- Кымбат өзгөчөлөнгөн үй – элиталык, жогорку класстагы, укмуштуудай же абдан чоң деп сүрөттөөгө боло турган үй.
- Кымбат автомашина – стандарттуунун алкагынан чыккан, кымбат жана көпчүлүк автоунааларга салыштырмалуу сонун көрүнгөн автоунаа.

Өтө кымбат автоунаалардын жаңыртылган тизмесин Компанияга кайрылып же MyHerbalife.com сайтына кирип алууга болот.

- Жеке яхталар, жеке учактар же тик учактар.

Мындай билдирүүлөр адаштырган жана жол берилгис болуп саналат, анткени алар бизнесин жаңы баштагандар үчүн жетүүгө кыйын болгон жыйынтыктарды убада кылат же кепилдейт. Мындай билдирүүлөр Көз карандысыз Өнөктөштө же кирешеси орточо болгон кардарда туура эмес же аша чапкан күтүүлөрдү жаратат.

**6. Социалдык тармактагы өз баракчама 2000 АКШ доллары өлчөмүндөгү ар айлык киреше жөнүндө маалыматты жарыяласам болобу.**
Жок, болбойт. Социалдык тармактарга айына 1000 АКШ долларынан ашпаган кирешелер жөнүндө маалыматты жарыялоого жол берилет. Мындай жарыялоо кирешелер жөнүндө дисклеймер менен коштолушу керек[1].

**7. Иш-чарада сөз сүйлөө убагында өз кирешемди айтсам болобу?**
Россиядагы, Украинадагы, Монголиядагы жана Казакстандагы Көз карандысыз Өнөктөштөр "Сый акылардын орточо деңгээли жөнүндө ар жылдык отчетто" билдирилген, жылдык кирешенин суммасынан ашпаган кирешесин сөз сүйлөө убагында айта алат:

- Россия - жылына 3,026,656 рубль
- Украина - жылына 971,272 гривен
- Монголия - жылына 173,284,244 тугрик
- Казакстан - жылына 16,298,275 тенге

Армениядагы, Азербайжандагы, Грузиядагы, Израилдеги, Кыргызстандагы, Өзбекстандагы, Беларустагы, Эстониядагы, Литвадагы жана Латвиядагы Көз карандысыз Өнөктөштөр жылына 100 000 АКШ долларынан ашпаган кирешени айта алышат.

Эгерде сиздин жылдык кирешеңиз жогоруда берилген суммадан ашса, төмөндөгүдөй айтууга жол берилет: «Менин кирешем алты орундуу сан менен ченелет».

Кирешелер жөнүндө айтып жатканда:

- мисал келтирилген кирешелерге жана жашоо стилине жетүү үчүн аракет, туруктуу түрдө команда менен иштөө, тиешелүү көндүмдөр жана берилип иштөө талап кылынаарын баса белгилөө;
- сиздин мындай жыйынтыктарга жетүүңүз үчүн талап кылынган убакытты көрсөтүү;
- бул жыйынтыктар кепилденбегенин жана типтүү болуп саналбаганын баса көрсөтүү;
- милдеттүү түрдө кирешелер жөнүндө дисклеймерди[1] айтуу керек.

*Дисклеймерлердин толук текстин, ошондой эле социалдык тармактарга жайгаштыруу үчүн дисклеймерлердин үлгүлөрүн документтин акыркы барагынан таба аласыз.

## Салмакты контролдоо жаатындагы жыйынтыктар жөнүндө билдирүүлөр

**8. Иш-чараларда чыгып сөз сүйлөө убагында салмакты түзөтүү боюнча өз жыйынтыгым менен бөлүшсөм же социалдык тармактардагы өз баракчама жарыяласам болобу?**
Ооба, болот. Жыйынтык кандай форматта – фото, видео, жазуу же оозеки түрүндө берилгенинен көз карандысыз, дисклеймер[3], менен коштолушу керек.

**9. Салмакты түзөтүү боюнча жыйынтыктары бар өз кардарларымдын фотосүрөттөрүн социалдык тармакта бөлүшсөм болобу?**
Ооба, болот. Бул үчүн сүрөттөрүн жана салмакты түзөтүү окуяларын өз сөзүңүздө же жарыялоолордо пайдалануу үчүн алдын ала кардардын макулдугун алышыңыз керек. Бардык фотосүрөттөр жана салмакты түзөтүү окуялары дисклеймер менен коштолушу керек[3].

**10. Herbalife Nutrition өнүмдөрүн пайдалануу менен гана салмакты түзөтүүгө болоорун билдирсем болобу?**
Жок, болбойт. Тең салмактанган тамактануу, суюктук ичүү режими жана үзгүлтүксүз дене көнүгүүлөрү салмакты түзөтүү жана контролдоо толук кандуу программасынын бир бөлүгү болуп саналаарын баса белгилөө керек.

**11. Herbalife Nutrition өнүмү ар күндүк рационду толук алмаштыра турганын жана ушундай жол менен гана салмакты түзөтүүгө болоорун билдирсем болобу?**
Жок, болбойт. Айрым Herbalife Nutrition өнүмдөрү ар күндүк тамактануунун бир бөлүгүн алмаштыруу үчүн арналганына карабастан, алар толук ар күндүк рационду алмаштырбашы керек жана жок дегенде бир толук кандуу тамактануу менен толукталышы керек. Тең салмактанган тамактануу өзүн жакшы сезүүнүн жана салмакты ыңгайлуу азайтуунун ачкычы болуп саналаарын баса белгилөө керек.

## Herbalife Nutrition өндүрүмүн пайдалануу жөнүндө билдирүүлөр

**12. Herbalife Nutrition өндүрүмүн пайдалануу жөнүндө кандай билдирүүлөрдү жасасам болот?**
Herbalife Nutrition өнүмдөрүнүн этикеткаларында жана Компаниянын расмий материалдарында (каталог, бет ачарлар, карточкалар ж.б.) көрсөтүлгөн маалыматты пайдаланыңыз. Ошондой эле сиз Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн курамына кирген ингредиенттердин касиеттери жөнүндө айтып бере аласыз, бирок бул касиеттерди өнүмдүн өзүнө таандык кылбаш керек.
Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн курамына кирген ингредиенттердин толук сүрөттөмөсүн MyHerbalife.com сайтында Компаниянын расмий материалдарында табууга болот.

**13. Социалдык тармактардагы өз баракчамда Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн курамына кирген ингредиенттердин медициналык касиеттери жөнүндө айтып берсем болобу?**
Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн курамына кирген ингредиенттердин касиеттери жөнүндө айтып бере аласыз, бирок бул касиеттерди өнүмдүн өзүнө таандык кылбаш керек.
Мисалы:

- «Алоэ вера өсүмдүгүнүн дарылык касиеттери организмден шлактарды жана токсиндерди бөлүп чыгарууга жардам берет» – жол берилет, анткени Herbalife Nutrition өнүмүнүн курамына кирген ингредиенттин касиеттери жөнүндө сөз болуп жатат.

*Дисклеймерлердин толук текстин, ошондой эле социалдык тармактарга жайгаштыруу үчүн дисклеймерлердин үлгүлөрүн документтин акыркы барагынан таба аласыз.

- «Алоэ өсүмдүк суусундугу организмден шлактарды жана токсиндерди бөлүп чыгарууга жардам берет» – жол берилбейт, анткени медициналык касиеттер Herbalife Nutrition өнүмүнө таандык кылынууда.

Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн курамына кирген ингредиенттердин толук сүрөттөмөсүн MyHerbalife.com сайтында Компаниянын расмий материалдарында табууга болот.

Социалдык тармактагы баракчага өнүмдүн ингредиенттеринин касиеттерин сүрөттөө менен жарыялоолор Herbalife Nutrition өндүрүмүнүн фотосүрөтүн камтыбашы керек.

**14. Herbalife Nutrition өндүрүмү бардык оорулардын алдын алат деп айтууга болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition өндүрүмүнө дарылык касиеттерди ыйгарууга, ошондой эле Herbalife Nutrition өндүрүмү кандайдыр бир ооруларды айыктырат же алдын алат жана ден соолукту жакшыртат деп айтууга тыюу салынат.
Төмөндөгү туюндурмаларга жол берилет – «табын жакшыртуу», «күч-кубатты көбөйтүү», «уйкунун сапатын жакшыртуу».

**15. Herbalife Nutrition өндүрүмүн пайдалангандан кийин адамдар айыккан же ден соолугунун абалы жакшырган конкреттүү учурларга шилтеме кылсам болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition өндүрүмүнө дарылык касиеттерди ыйгарууга, ошондой эле Herbalife Nutrition өндүрүмү кандайдыр бир ооруларды айыктырат же алдын алат жана ден соолукту жакшыртат деп айтууга тыюу салынат.
Төмөндөгү туюндурмаларга жол берилет – «табын жакшыртуу», «күч-кубатты көбөйтүү», «уйкунун сапатын жакшыртуу».

**16. Мага кардар салмакты азайтууга жардам берүү өтүнүчү менен кайрылды, бирок кардардын боор оорусу бар. Мындай кырдаалда эмне кылсам болот?**
Мындай кырдаалда Көз карандысыз Өнөктөш:
1. Кардарга Herbalife Nutrition өндүрүмүн пайдаланып баштоодон мурда дарыгерге кайрылууну сунушташы керек;
2. Herbalife Nutrition өндүрүмү кардарга анын оорусун дарылоого жардам бере турганын айтпашы керек.

Мындай билдирүүлөр кандайдыр бир оорулардан жабыркаган кардарлар үчүн кооптуу болушу мүмкүн, анткени алардын квалификациялуу медициналык адисте талаптагыдай дарылануудан баш тартуу чечимине таасирин тийгизиши ыктымал.
Мындай иш-аракеттер сиздин бизнесиңиз үчүн коркунуч жаратат, анткени сот доо арызына чейин, репутациялык жана юридикалык тобокелдиктерге алып келиши мүмкүн.
Бул Эрежеге ылайык келбөө Көз карандысыз Өнөктөш Келишимин бузууга чейинки санкцияларга алып келиши мүмкүн.

**17. Herbalife Nutrition өндүрүмү COVID-19 дарылоодо натыйжалуу же вирустан коргоого кызмат кылат деп айтсам болобу?**
Жок, болбойт. Көз карандысыз Өнөктөштөрдүн Herbalife Nutrition өндүрүмү каалаган ооруну, анын ичинде COVID-19дун алдын алат же дарылоодо жардам берет деп айтуусуна болбойт.

**18. Herbalife Nutrition өнүмүнөн баш тартуу ден соолукка терс таасирин тийгизет деп айтсам болобу?**
Жок, болбойт.

**19. Сергек жашоо образы клубунда менин кардарым Herbalife Nutrition өндүрүмүн колдонуп баштагандан кийин анын ден соолугунун абалы жана өнөкөт оорулардын жүрүшү жакшырганы жөнүндө айтып жатса эмне кылам?**
Сылык түрдө кардардын сөзүн бөлүп, салмакты түзөтүү жана табын жакшыртуу боюнча жыйынтыктары үчүн аны мактап жана Herbalife Nutrition өндүрүмү кандайдыр бир оорунун алдын алуу же дарылоо үчүн арналбаганын эскертүү керек.
Төмөндөгү туюндурмаларга жол берилет – «табын жакшыртуу», «күч-кубатты көбөйтүү», «уйкунун сапатын жакшыртуу»

**20. Herbalife Nutrition өндүрүмүн балдарга пайдалануу үчүн сунуштасам болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition – бул 18 жаштан улуу адамдар үчүн тастыктамаланган өндүрүм, ошондуктан өнүмдү 18 жаштан кичүү балдар пайдаланса болоорун билдирүүгө жол берилбейт.

**21. Мен кош бойлуу убакта өнүмдү пайдалануу тажрыйбамды же өнүмдү менин балдарымды пайдалануу тажрыйбамды социалдык тармактагы өз баракчамда же иш-чараларда сөз сүйлөгөндө бөлүшсөм болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition өндүрүмү кош бойлуу же эмчек эмизген аялдардын, 18 жашка чейинки адамдардын пайдалануусу үчүн тастыктамаланган эмес.
Бул чечим сиздин жеке тандооңуз же кардарыңыздын жеке тандоосу экени жөнүндө эскертме болгондо дагы, өнүмдөрдү мындай пайдаланууну жайылтууга жол берилбейт.

## Herbalife Nutrition мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билдирүүлөр

**22. Herbalife Nutrition бизнесин жалданма жумуш катары жайылтсам болобу?**
Жок, болбойт. Көз карандысыз Өнөктөш Herbalife Nutrition бизнесин көз карандысыз бизнес катары көрсөтүшү керек.

**23. Herbalife Nutrition компаниясында иштейм деп айтсам болобу?**
Жок, болбойт. “Жумуш” сөзү “жалданма жумуш/эмгек келишими боюнча жумуш” маанисинде колдонулбайт.

Жол берилген туюндурмалар:
- Мен...жылдан бери Herbalife Nutrition бизнесин жүргүзөм
- Мен …-жылдан бери бизнестемин
- Мен Herbalife менен иштегениме ... жыл болду
- Мен Компания менен … жылдан бери кызматташам

**24. Herbalife Nutrition бизнесин жарым-жартылай же толук жумуш менен камсыздалган бизнес жүргүзүү катары жайылта аламынбы?**
Ооба, жайылта аласыз.

**25. Herbalife Nutrition компаниясы менен кызматташам деп айтсам болобу?**
Ооба, болот.

**26. Herbalife Nutrition бизнесин сүрөттөө үчүн “маяна”, “кызматкер” терминдерин пайдалансам болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition бизнеси көз карандысыз бизнес болуп саналат жана жалданма жумуш катары көрсөтүлбөшү керек.

**27. Herbalife Nutrition бизнесин сүрөттөө үчүн “тамактануу боюнча консультант кесиби” терминин пайдалансам болобу?**
Жок, болбойт. “Кесип” термини атайын билимдин болушун талап кылат.
“Ишмердүүлүк” же “бизнес” терминин пайдалансаңыз болот.

**28. Сөз сүйлөгөндө бизнести баштоо үчүн карызга акча каражаттарын алганымды эскертсем болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition бизнесин өнүктүрүү үчүн карызга каражат алуу же кредит тариздөө мүмкүнчүлүгүн эскертүүгө же жайылтууга болбойт.

**29. Пандемия мезгилинде Herbalife Nutrition бизнес-мүмкүнчүлүктөрүн бардык финансы көйгөйлөрүн чечүү катары жайылтсам болобу?**
Жок, болбойт. Бизнести сүрөттөөдөгүдөй эле пандемия менен байланыштуу фразаларды пайдаланууга уруксат берилбейт. Мисалы: “бул убактагы жумушсуздук”, “рекорддук жумушсуздук”, “үйдө калыңыз”, “карантин”, “өзүн обочолоо”.

**30. Herbalife Nutrition бизнесин пассивдүү киреше булагы катары көрсөтсөм болобу?**
Жок, болбойт. Herbalife Nutrition бизнеси белгилүү бир аракеттерди, убакытты, ошондой эле жыйынтыктарга жетүү үчүн команда менен туруктуу иштөөнү талап кылат.

[1] **Кирешелер жөнүндө билдирүүлөр үчүн дисклеймерлер:**
- «Мисал келтирилген кирешелер жана бизнести жайылтуу мисалдары жекече жана типтүү болуп саналбайт»
- President’s Team статусунан: Берилген кирешелер Сатуулар Лидерлери болуп саналган, Herbalife Nutrition Көз карандысыз Өнөктөштөрүнүн 1% кирешесине кирет.

Социалдык тармактагы баракчада жайгаштыруу үчүн дисклеймерди төмөндөгү шилтеме боюнча жүктөөгө болот
https://hrbl.me/INC_SM_KG_kg

Социалдык тармактагы баракчада жайгаштыруу үчүн фотосүрөткө «коштомо» дисклеймерди төмөндөгү шилтеме боюнча жүктөөгө болот
https://hrbl.me/INC_over_KG_kg

[2] **Жашоо стили жөнүндө билдирүүлөр үчүн дисклеймерлер:** «Мисал келтирилген жашоо стили жекече жана типтүү болуп саналбайт».

[3] **Салмакты контролдоо боюнча жыйынтыктар үчүн дисклеймер:**
«Салмакты контролдоого тиешелүү бардык билдирүүлөр тең салмактанган диетаны, үзгүлтүксүз дене көнүгүүлөрүн, күн сайын керектүү өлчөмдө суюктук ичүүнү, зарыл болгон учурда тамак-аш кошулмаларын керектөөнү жана жетиштүү эс алууну камтыган Herbalife Nutrition салмакты контролдоо программасына кирет. Бардык жыйынтыктар жекече жана айырмаланышы мүмкүн».

Социалдык тармактагы баракчада жайгаштыруу үчүн дисклеймерди төмөндөгү шилтеме боюнча жүктөөгө болот
https://hrbl.me/WL_SM_KG_kg

Социалдык тармактагы баракчада жайгаштыруу үчүн фотосүрөткө «коштомо» дисклеймерди төмөндөгү шилтеме боюнча жүктөөгө болот
https://hrbl.me/WL_over_KG_kg

HERBALIFE NUTRITION